## Социалдык-гуманитардык илимдер институту

# ЖОГОРКУ МЕКТЕПТИН ПЕДАГОГИКА

# КАФЕДРАСЫ



fppt.com

# КУУнун Жогорку мектептин педагогика кафедрасынын тарыхынан

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жогорку мектептин педагогика кафедрасы - 1938-жылы М.В. Фрунзе атындагы педагогикалык институттун базасында түзүлгөн университеттеги эң алгачкы окуу-методикалык түзүмдөрдүн бири. Бүгүнкү күндө Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасы Социалдык-гуманитардык илимдер институтунун (СГИИ) курамындагы билим берүү, окуу-методикалык жана илимий багыттагы маанилүү түзүм болуп эсептелет. Кафедра университеттин өнүгүүсүндө өзгөчө орунду ээлеп, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо миссиясын ийгиликтүү аткарып келет.

# ТАРЫХЫНАН:



Педагогика кафедрасынын алгачкы жетекчилери п.и.к. доц. А.В. Валитова, п.и.к., доц. Б.К. Кулдашевдер болгон. 1960-жылдары СССРдин 50 жылдыгы ат. КМУнун педагогика жана психология кафедрасы болуп ачылып, аны п.и.д.., проф. А.Я. Арет, п.и.д. проф. М.Р. Балтабаев, п.и.к., проф. Н.И. Имаева, п.и.д., проф. Н.А. Асипова, п.и.д., проф. Р.И. Курманходжаева, п.и.д., проф. А.С. Раимкулова, п.и.к., доц. Т.С. Сатыбекова, п.и.д., проф. Г.Т. Карабалаева ж.б. башкарган.

# Кафедранын миссиясы:

- СГИИнин Жогорку мектептин педагогика кафедрасы көп баскычтуу билим берүүнүн шарттарында өлкөнүн социалдык-маданий өнүгүшүнө салым кошуу жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодо университеттин илимий жана билим берүү борбору болуу.
- Миссиясынын негизинде **кафедранын максаты**: Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону жакшыртуунун илимий негиздерин жана жогорку педагогикалык билим берүү программаларын иштеп чыгууда коомчулукка таанылган билим берүү, илимий-методикалык жана илимий-эксперттик борбор болуу.

# Милдеттери:

- жумуш беруучулөрдүн талаптарына жана региондун тиешелүү тармактардагы адистерге болгон муктаждыгына жооп берген билим берүү программалары боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын жогорулатуу;
- окуу, окуу-методикалык, илимий-изилдөө жана тарбия иштерин өркүндөтүү;
- өнөктөш университеттер менен эффективдүү өз ара кызматташууну издөө жана ишке ашыруу;
- абитуриенттер жана адистер үчүн Ж. Баласагын ат. КУУнун таасирдүү жагымдуулугун калыптандыруу.

# Кафедранын илимий-педагогикалык потенциалы

Бүгүнкү күндө кафедранын составын: 4 педагогика илимдеринин доктору, профессор; 4 педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; 5 ага окутуучу жана 3 окутуучу түзөт.





- Кафедра 50 жылдын ичинде 10 педагогика илимдеринин докторлорун жана 50дөн ашык педагогика илимдеринин кандидаттарын даярдаган.
- П.и.д., профессор Н.А. Асипованын жетекчилиги астында илимий мектеп түзүлгөн: 3 педагогика илимдеринин докторлору жана 27 педагогика илимдеринин кандидаттары чыккан. Алар КРнын илимий жана педагогикалык кадрларды даярдоону жакшыртуу, көп маданияттуу жана көп тилдүү инсанды тарбиялоо, ЖОЖ педагогикасынын жана өсүп келе жаткан муундун социалдык калыптанышынын көйгөйлөрүн, ааламдашуу шартында билим берүүнүн этнопедагогикалык аспектилерин, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону өркүндөтүү ж.б. маселелер тууралуу изилдөө иштерин жүргүзүп келишет.
- Кафедра бул бөлүмдөн чыккан педагогика илимдеринин докторлору менен сыймыктанат: М.Р. Балтабаев, К.Д. Эмих, В.А. Степанов, Н.А. Асипова, Р.И. Курманходжаева, А.А. Алимбеков, А.С. Раимкулова, Г.Т. Карабалаева, М.А. Сатыбекова, Р.Т. Сулайманова.

# Кафедранын билим берүү жана илимий ишинин негизги багыттары

- 1. Кафедра университеттин 12 факультетин жана 9 институтун тейлеп, бакалавриат жана магистратура деңгээлинде педагогикалык дисциплиналарды окутууну жүргүзөт, ошондой эле педагогикалык практикага жетекчилик кылат.
- 2. 2017–2018-окуу жылынан тартып кафедра «Педагогика» багыты боюнча, **«Педагогика жана психология»** профилинде бакалаврларды даярдай баштаган.
- 3. Кафедра «Педагогика» багыты боюнча магистрлерди даярдоонун билим берүү программаларын ишке ашырат **(«Жогорку мектеп педагогикасы», «Педагогика жана психология», «Билим берүү системаларын администрациялоо жана башкаруу»** профилдери боюнча).
- 4. Кафедра 2022-жылдан тартып «Педагогика» багыты боюнча **PhD докторанттарды** даярдоону жүргүзүп келет.
- 5. Кафедрада ошондой эле **13.00.01 – Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.08 – Кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы** адистиктери боюнча илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого багытталган салттуу **аспирантура жана докторантура** иш алып барат.

# Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде Социалдык-гуманитардык илимдер институттун курамындагы жогорку мектептин педагогика кафедрасынын алкагында 550700 – «Педагогика» багыты боюнча адистик даярдалат



- **БАКАЛАВРИАТ**
- **Профиль - Педагогика жана психология.**
- Бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү диплом тапшырылып, бакалавр – академиялык квалификациясы ыйгарылат.
- **«Педагогика жана психология»** – адистин келечектеги кесиптик ишмердигине психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүк менен педагогикалык маданиятты интеграциялоого мүмкүндүк берүүчү уникалдуу адистик болуп саналат.
- **«Педагогика жана психология» профилинин бүтүрүүчүлөрү төмөнкү кызматтарда иштей алышат:**
- Мектепке чейинки билим берүүчү жана жалпы билим берүүчү мекемелерде;
- Педагогика жана психология предмети боюнча колледждин окутуучусу;
- Балдар үйүндө, интернатта, коррекциялык жана реабелитациялык мекемелердеги педагог-психолог;
- Тренер (ар кандай мекемелердеги психологиялык, педагогикалык аспектилердеги тренингдердин алып баруучусу;
- Педагогдорду жана психологдорду даярдоо борборундагы адис;
- Түрдүү мекемелердеги кадрлар бөлүмүндө кызматкерлер менен иштөөчү менеджер;
- Инклюзивдик билим берүүдөгү тьютор (MINOR).

# БАКАЛАВРИАТ



- **Кандай мекемелерде иштей алат:**
- Ар кандай типтеги окуу-тарбиялык мекемелерде (мектепке чейинки билим берүү жана тарбиялоо системасы), жалпы билим берүүчү орто мектеби, кесиптик мектеп, профилдик мектеп, гимназия, лицей, колледж);
- Орто кесиптик окуу жайларында(колледж);
- Балдар үйүндө, интернатта, оңдоп-түздөөчү жана коррекциялык окутуу мекемелеринде;
- Административдик мекемелерде (Билим берүү жана илим министрлиги, областтык билим берүү башармалыгы, райондук билим берүү башармалыгы, акимиатта);
- Ар кандай уюмдардын кадр кызматтарында, ишке орноштуруу кызматтарында, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо кызматтарында.
- Окутуу *кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт*.
- *Окуу мөөнөтү* : 4 жыл.
- *Окутуу формасы*: күндүзгү окутуу.

# МАГИСТРАТУРА



- Бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү диплом тапшырылып, магистр – академиялык даражасы ыйгарылат.
- **1) Профиль – Педагогика и психология.**
- **«Педагогика жана психология»** – адистин келечектеги кесиптик ишмердигине психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүк менен педагогикалык маданиятты интеграциялоого мүмкүндүк берүүчү уникалдуу адистик болуп саналат.
- **«Педагогика жана психология» профилинин бүтүрүүчүлөрү төмөнкү кызматтарда иштей алышат:**
- Жогорку окуу жайдын окутуучусу;
- Илимий кызматкер;
- Билим берүүчү мекемеде педагог-психолог.
- **Кандай мекемелерде иштей алат:**
- Ар кандай деңгээлдеги билим берүү мекемелери;
- Методикалык жана илимий-изилдөө борбору, жалпы билим берүү маселелерин изилдөөчү институттар;
- Ар кандай бөлүмдөрдүн психологиялык кызматтары;
- Калктын ар кандай категорияларына жардам берүүчү мамлекеттик жана кайрымдуулук уюмдары.

# МАГИСТРАТУРА



- **2) Профиль – Жогорку мектептин педагогикасы.**
- **«Жогорку мектептин педагогикасы»** - уникалдуу адистик, ал жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү системасы жана терең илимий, педагогикалык даярдыкка ээ, руханий-адеп-ахлактык сапаттары жогору, өз алдынча ой жүгүртүүгө жана коомдун прогрессивдүү илимий-техникалык, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн камсыз кылууга жөндөмдүү болгон илимий-изилдөө сектору үчүн кадрларды даярдоого мүмкүндүк берет.
- **«Жогорку мектептин педагогикасы» профилинин бүтүрүүчүлөрү төмөнкү кызматтарда иштей алышат:**
- Жогорку окуу жайдын окутуучусу;
- Илимий кызматкер;
- Квалификацияны жогорулатуу жана кошумча билим берүү окутуучусу.
- **Кандай мекемелерде иштей алат:**
- жогорку кошумча кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу жогорку окуу жайларында жана башка билим берүү мекемелеринде;
- билим берүү башкармалыктарында;
- ишмердүүлүгү окутуунун ар кандай аспектилери менен байланышкан уюмдарда жана ишканаларда;
- социалдык кызматтарды көрсөтүү менен алектенген уюмдарда;
- илимий-изилдөө уюмдарында.

# МАГИСТРАТУРА



- **3) Профиль - Билим берүү системаларын башкаруу жана администрациялоо.**
- **«Билим берүү системаларын башкаруу жана администрациялоо»** - билим берүү системасын башкаруу тармагынын адистерин жана илимий кызматкерлерин даярдайт. Магистранттар башкаруучулук, аналитикалык жана эксперттик компетенцияларды өнүктүрүүгө жардам берген предметтерди окушат. Ошондой эле, магистранттар милдеттүү илимий –изилдөөчүлүк семинарлары аркылуу изилдөө компетенцияларын да калыптандырышат. Көптөгөн бүтүрүүчүлөр магистратураны аяктагандан кийин кызматтык абалын жогорулатышат. Алардын айрымдары илим изилдөөчүлүк кызматын улантып, аспирантурага жана чет өлкөлүк PhD программаларына тапшырышат
- **«Билим берүү системаларын башкаруу жана администрациялоо»** адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрү **төмөнкү кызматтарда иштей алышат:**
- илимий кызматкер;
- процесси боюнча адис;
- ЖОЖдордо жана колледждерде мугалим;
- башкаруу уюмдарынын адиси;
- кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо кызматтарынын менеджери.

# МАГИСТРАТУРА



- **Кандай мекемелерде иштей алат:**
- уюмдарда (коммерциялык, коммерциялык эмес, мамлекеттик, муниципалдык) башкаруу аппаратынын ар кандай кызматтарында аткаруучу же кенже деңгээлдеги менеджер катары;
- мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү органдарында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде;
- билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик ведомстволук органдарында;
- өз бизнесин түзүүчү жана өнүктүрүүчү ишкер;
- билим берүүнү башкаруу маселелерин чечүүгө байланышкан илим – изилдөөчү уюмдарда;
- ар кандай деңгээлдеги билим берүү уюмдарында жетекчилик кызматтарда иштей алышат: жалпы билим берүү уюмдарында (ЖБУ), мектепке чейинки билим берүү уюмдарында (бала бакчалар), башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында, кошумча билим берүү системасынын уюмдарында.

- Бардык магистратура программалары боюнча *окутуу кыргыз жана орус тилдеринде* жүргүзүлөт.
- *Окуу мөөнөтү* - 2 жыл (күндүзгү), 2 жыл 6 ай (сырттан).
- *Окуу формасы*: күндүзгү, сырттан (дистанттык) окуу.

# ДОКТОРАНТУРА PhD (Педагогика)

- **Философия доктору (PhD) даражасын алган жана аталган билим берүү программаларын өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр төмөнкү ишмердүүлүктөрдү жүзөгө ашырышат:**
- илимий-изилдөө институттарында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү;жогорку окуу жайларда окутуучулук, окуу-усулдук жана методологиялык ишмердүүлүк жүргүзүү;
- билим берүү уюмдарында, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес типтеги уюмдарда, ошондой эле социалдык чөйрөдө жаш муунду тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелери менен байланышкан атайын билим берүү уюмдарында илимий-усулдук ишмердүүлүктү (окуу процессин камсыздоо) аткаруу;
- билим берүү уюмдарында, социалдык багыттагы мамлекеттик мекемелерде жана билим берүү башкаруу органдарында эксперименталдык педагогикалык жана долбоордук ишмердүүлүктү жүргүзүү;
- педагогикалык-психологиялык жана социалдык-педагогикалык практикага тиешелүү концептуалдык өзгөрүүлөрдү иштеп чыгуу, билим берүү программаларын долбоорлоо аркылуу эксперттик жана башкаруучулук функцияларды аткаруу.
  - **PhD докторантурада *окутуу орус жана англис тилдеринде* жүргүзүлөт.**
- *Окуу мөөнөтү* - 3 жыл.
- *Окуу формасы*: күндүзгү окуу.

# КАФЕДРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ



## КАФЕДРА БАШЧЫСЫ ,П.И.К., ДОЦЕНТ, ПЕДАГОГИКА МАГИСТРИ

# БАЯЛИЕВА
# АЙСУЛУ СУЮТБЕКОВНА



- 35 илимий эмгектин автору, алардын ичинен: 5 - SCOPUS, 20 - РИНЦ, 2 – окуу куралы жана 1 моногрфия - авторлош.
- СГИИнин ОМКнын төрайымы болуп иштеген.
- СГИИнун Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү
- Магистрдик жана PhD диссертацияларына илимий жетекчилик кылат.
- Ар түрдүү конференцияларга, эл аралык симпозиумдарга, илимий-практикалык семинарларга жана тренингдерге активдүү катышат.
- Билим берүү тармагындагы аккредитациялоо эксперти.
- **Сыйлыктары:**
- КУУнун Ардак грамоталары;
- КУУнун кесиптик кошуун комитетинин Ардак грамотасы;
- «КУУнун эмгек сиңирген изилдөөчүсү» наамы;
- КР Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы.

# П.И.Д., ПРОФЕССОР
# КАРАБАЛАЕВА
# ГУЛЬМИРА ТАШТАНОВНА



- 170тен ашык илимий эмгектин автору, 71 макала — РИНЦ, 21 — Scopus, 6 — Web of Science базаларында жарыяланган, 3 монография, 1 окуу китеби «Поликультурное образование» (авторлош), 10 окуу-усулдук колдонмо «Үй-бүлөлүк жана коомдук тарбия», «Инклюзивдик билим берүү», «Студенттердин сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү технологиялары» ж.б., 1 окуу-усулдук комплекс, 2 практикалык программа ж. б.
- Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окумуштуулар кеңешинин мүчөсү.
- 2005-жылы Гарвард университетинде SRCC программасы боюнча, ал эми 2000-жылы Тажикстанда Ага Хан эл аралык фондунун «Адам таануу» программасы боюнча стажировкадан өткөн.

- **Сыйлыктары:**
- «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги»
- «Кыргыз Республикасынын илиминин отличниги»
- «Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эмгек сиңирген кызматкери»
- Бишкек шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы
- «Кыргызстан педагогдор коомунун» Ардак грамотасы
- Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдыгы медалы (2025).

# П.И.Д., ПРОФЕССОР
# АСИПОВА
# НУРБУБУ АСАНАЛИЕВНА



270тен ашык илимий эмгектин автору.

- 30 илим кандидатын, 3 педагогика илимдеринин докторун жана 3 PhD докторун даярдаган.
- 13.00.01 адистиги боюнча адистештирилген диссертациялык кеңештин мүчөсү (2002–2025).
- НАТОнун гуманитардык өнүгүү программасынын эл аралык эксперти (2007–2009).
- АКШда IREX (1997) жана Fulbright Program (2012) программалары боюнча стажировкадан өткөн.
- Илимий-техникалык кеңешинин мүчөсү (2023–2025).
- ***Наамдары жана сыйлыктары*:**
- “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги” (1995)
- МАПСНдин толук мүчөсү (2001)
- “Педагогиканын каарманы” наамы (2020, 2023)
- “Илимий мектебинин негиздөөчүсү” наамы, Россия Табигый илимдер академиясы (2015)
- Бишкек шаарынын мэриясынын, Жогорку Кеңештин жана Министрлер Кабинетинин Ардак грамоталары (2020–2021)
- “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер” (2022)
- Ж. Баласагын атындагы медалы (2025).

# П.И.Д., ПРОФЕССОР
# РАИМКУЛОВА
# АЖАРБУБУ СУПУРОВНА



- 135 илимий эмгектин, анын ичинде 2 монографиянын, 15 окуу китеби жана окуу-методикалык колдонмонун автору. Scopus базасында 5 макаласы жарыяланган. «Педагогика» багыты боюнча PhD программасын ишке ашыруу грантынын катышуучусу (2017–2022).
- Педагогика илимдеринин доктору (2012), профессор (2016), Россиянын Табият таануу академиясынын корреспондент-мүчөсү (2016), академиги (2019).
- «Экспериментальное образование» жана «Педагогика сельской школы» илимий журналдарынын редакциялык коллегиясынын мүчөсү. Ж. Баласагын атындагы КУУ жана И. Арабаев атындагы КМУ алдындагы диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары. Казакстандын Борбордук Азия тарыхы институтунун ардактуу профессору (2026).
- *Сыйлыктары:*
- «КР билим берүүсүнүн отличниги» (2003),
- «КУУнун мыкты лектору» (2009),
- «КУУнун мыкты изилдөөчүсү» (2010),
- «КР илим отличниги» (2024),
- Жогорку Кеңештин Ардак грамотасы (2019),
- «Эл сыймыгы» медалы (2021),
- РАЕнин алтын медалы жана «Эмгеги үчүн» ордени, ошондой эле КР Аялдар конгрессинин жана педагогдор коомунун сыйлыктары.
- Ж. Баласагын атындагы медалы (2025).

# П.И.Д, ПРОФЕССОР
# САТЫБЕКОВА
# МАЙРАМ АБДЫКУЛОВНА



- 80ден ашуун илимий эмгектин автору, анын ичинде 50дөн ашык илимий макалалары жарыяланган (алардын 20сы чет өлкөлүк басылмаларда, анын ичинде РИНЦ базасында, ошондой эле Scopus базасында 2 публикациясы бар). Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 6–11-класстары үчүн «Биология» предмети боюнча Мамлекеттик стандарттын жана окуу программасынын авторлошу болуп саналат. 10 окуу китебинин жана 20дан ашуун окуу-усулдук колдонмонун автору.
- Кыргызпатент тарабынан берилген автордук укук боюнча 2 күбөлүккө ээ.

***Сыйлыктары:***

- Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги (күбөлүк №201, 08.04.1996-ж.),
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ардак грамоталары (2013, 2014, 2020, 2024-жж.),
- И.Арабаев атындагы КМУнун Ардак грамотасы (2013-ж.),
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин борбордук профсоюз комитетинин Ардак грамотасы (2021-ж.),
- Бишкек шаардык кеңешинин “Ыраазычылык каты” (2022-ж.),
- Бишкек шаарынын мэриясынын “Ардак грамотасы” (2023-ж.),
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин “Ардак грамотасы” (2025-ж.),
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун “Эмгек сиңирген изилдөөчүсү” наамы (2025-ж.),
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун 100 жылдыгына арналган юбилейлик медалы (2025-ж.).

# П.И.К., ДОЦЕНТ
# САТЫБЕКОВА ТУРСУН СУЛТАКЕЕВНА



- 25 илимий эмгек:
- 1 Scopus индексделген макала; 1 окуу китеби (авторлош); 2 окуу-усулдук комплекс.
- Кафедрада окуу-методикалык иштеринин жетекчиси катары профессордук-окутуучулук курамга окуу-методикалык жардам көрсөтөт.
- Магистрдик диссертацияларды даярдоого жетекчилик кылат.
- Илимий конференцияларга, тренингдерге жана семинарларга активдүү катышат.
- «Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүүдө келечектеги педагогдорду даярдоонун илимий-методикалык негиздери жана жолдору» долбоорунун катышуучусу.
- Сыйлыктары: Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ардак грамоталары.

## П.И.К., ДОЦЕНТ
# НУЖНЫЙ
# ВЯЧЕСЛАВ АЛЕКСАНДРОВИЧ



- 50дөн ашык басылмалары бар, алардын ичинен: 3 - РИНЦ, 6 – окуу куралдары авторлош.
- Магистрдик диссертацияларды даярдоону жетектейт.
- Эл аралык илимий жана университеттер аралык илимий-практикалык конференцияларга катышат.

- *Сыйлыктары:*
- КР билим берүүнүн отличниги"
- "КУУнун эмгек сиңирген кызматкери".

## П.И.К., ДОЦЕНТ
## АСАНАЛИЕВА ЧЫНАРА НИЯЗАЛИЕВНА



- *Жалпы басылмалардын саны*: 25, анын ичинде 2 окуу китеби жана 1 окуу-методикалык куралы.
- Ар кандай конференцияларга, илимий жана практикалык семинарларга жана тренингдерге активдүү катышат.
- «Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүүдө келечектеги педагогдорду даярдоонун илимий-методикалык негиздери жана жолдору» долбоорунун катышуучусу.

*Сыйлыктары*:

- КУУнун Ардак грамоталары
- Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы, 2006-жыл
- Билим берүүнүн мыктысы

## АГА ОКУТУУЧУ
## КАЛИБЕКОВА ДАМИРА ТОЛОГОНОВНА



- 20дан ашык басылмалары бар, анын ичинен: 1 – SCOPUS, 1 – РИНЦ, 2 – авторлош окуу китеби, 7– авторлош окуу куралы, 3 – программа.
- Кафедранын бакалаврда окуу-педагогикалык практиканын жетекчиси, студенттерге бардык зарыл маселелер боюнча кеңеш берет.
- *Сыйлыктары:*
- “Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн отличниги”.
- КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер«.
- КУУнун Ардак грамоталары
- “КУУнун ардагери”.
- Бишкек шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы.
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун 100 жылдыгына арналган юбилейлик медалы.

## АГА ОКУТУУЧУ
# МУСАКУЛОВ ТАИР МАМАТОВИЧ



- 50 илимий эмгектин автору. Анын ичинен 5 макала Scopus базасында жарыяланган, 6 окуу-методикалык колдонмо авторлоштукта даярдалган, калган эмгектери РИНЦ базасына киргизилген. Кафедранын профессордук-окутуучулар курамына окуу процессин ишке ашырууда жана уюштуруу иштеринде жардам көрсөтөт.
- Студенттер менен менен кеңири тарбия иштерин жүргүзөт.
- Көптөгөн университеттер аралык спорттук мелдештердин катышуучусу жана жеңүүчүсү.
- *Сыйлыктары:*
- “Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн отличниги”
- “КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер"
- “КРнын профсоюздук кыймылынын отличниги”
- КУУнун Ардак грамотасы.

**АГА ОКУТУУЧУ**

# ТЕМИРАЛИЕВА ТАНАРА КУБАТОВНА



- 16 басылмасы бар, алардын ичинен: 2 окуу-мет. фильм, биргелешип жазган 4 окуу куралы, РИНЦдеги 1 макала.

- *Квалификациясын жогорулатуу*:
- Боюнча Фонд-Сорос
- ЮНИСЕФ уюму

*Сыйлыктары:*

- КР Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы
- Кыргыз Республикасынын Аялдар Конгрессинин Ардак грамотасы
- Кыргызстан Педагогдор коомунун Ардак грамотасы.
- «Билим бернун мыктысы» медалы.

# АГА ОКУТУУЧУ, ПЕДАГОГИКА МАГИСТРИ
# АЙТЫМБЕТОВА ДИНАРА АНАРБЕКОВНА



- 2001-2004-жылдары Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында аспирантурада окуган.
- 2009-2013-жылдары тарбия иштери боюнча декандын орун басары болгон.
- 20дан ашык басылмалары бар, алардын ичинен: 3 - РИНЦ, 1- Scopus; 6 окуу куралы ( авторлош), 2 - ОМК.
- *Сыйлыктары:*
- «Чыгармачыл окутуучу – 2005» жалпы университеттик кароо-сынагынын лауреаты.
- Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Президентке караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Ардак грамотасы (2009).
- Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ардак грамоталары (2006, 2007, 2009, 2010, 2012, 2013, 2014).
- «Мыкты педагог – 2011» Ардак грамотасы.
- КУУнун ректорунун ыраазычылык каттары (2012, 2018). 2017).
- Кыргызстан педагогдор коомунун Ардак грамотасы (2021).
- КР Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы (2022).
- «Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери» күбөлүгү (2025).

# АГА ОКУТУУЧУ
# НУРБЕКОВА САМАРА НУРБЕКОВНА



- *Билими:* 2001–2006-жылдары Ж. Баласагын атындагы КУУнун филология факультетинде билим алган.
- 2009–2012-жылдары КУУнун 13.00.01 «Жалпы педагогика» багыты боюнча аспиранты болгон. Диссертациясынын темасы: «Кыргыз фольклорундагы санат-насыят ырлары аркылуу окуучуларды адеп-ахлакка тарбиялоонун педагогикалык шарттары».
- РИНЦ илимий журналдарында 16 макаланын жана Scopus базасында 1 макаланын автору.
- «Педагогика», «Мектепте окутуунун жана баалоонун жаңы ыкмалары», «Психологиялык-педагогикалык ишмердүүлүктөгү кесиптик этика» дисциплиналары боюнча лекцияларды окуйт.
- 2009-жылдан азыркы убакка чейин «Жогорку мектеп педагогикасы» кафедрасынын ага окутуучусу болуп эмгектенет.
- 2016–2017-жылдары 550700 «Педагогика» багыты боюнча магистратурада окуган.
- 2025-жылы «Заманбап педагогикалык технологиялар» аттуу квалификацияны жогорулатуу курсунан өткөн (36 саат, рег. №415).
- «Келечектеги педагогдорду үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүүгө даярдоонун илимий-методикалык негиздери жана жолдору» долбоорунун катышуучусу .

## ОКУТУУЧУ
# АРКАБАЕВА АЙЗАДА САМАТОВНА



- Ж. Баласагын атындагы КУУ артыкчылык диплому менен аяктаган (2009-2012).
- Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында аспирантурада окуган.
- Жалпысынан 15 илимий макаланын автору.
- Кафедрадагы илимий иштерге жана студенттердин тарбия иштерине жооптуу.
- Эл аралык жана жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференциялардын туруктуу катышуучусу.
- Ж. Баласагын атындагы КУУнун жаш окумуштууларынын илимий-практикалык конференциясында мыкты баяндама жасагандыгы үчүн III даражадагы диплом менен сыйланган.
- Семинарларга жана тренингдерге жигердүү катышып келет.
- «Келечектеги педагогдорду үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүүгө даярдоонун илимий-методикалык негиздери жана жолдору» долбоорунун катышуучусу

## ОКУТУУЧУ, ПЕДАГОГИКА МАГИСТРИ

# ОСМОНОВА НУРСУЛУУ НУРБЕКОВНА




- 2018-2022 ж. – Бакалавриат Б.Н. Ельцин атындагы КРСУ «Международные отношения»
- 2023-2025ж. - Магистратура Ж.Баласагын атындагы КУУ «Педагогика» профиль педагогика жана психология
- РИНЦте жарыяланган илимий эмгектери бар.
- Илимий кызыкчылыктары: үй-бүлөлүк педагогика, инклюзивдик билим берүү, миграциялык педагогика.
- Окуу программаларын жана окуу-методикалык комплекстерди (ОМК) иштеп чыгат.
- «Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүүгө келечектеги педагогдорду даярдоонун илимий-методикалык негиздери жана жолдору» долбоорунун катышуучусу
- Илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга жана тренингдерге активдүү катышат.
- Студенттер менен тарбиялык иштерди жүргүзөт.
- Окуу процессинде заманбап санариптик билим берүү технологияларын колдонот.

# ОКУТУУЧУ, ПЕДАГОГИКА МАГИСТРИ
# АНАРБАЕВА АЙБАРЧЫН КЕМЕЛБЕКОВНА



- 2023-2025ж. - Магистратура Ж.Баласагын атындагы КУУ «Педагогика» профиль педагогика жана психология
- РИНЦте жарыяланган илимий эмгеги бар.
- Кафедрада окуу-методикалык жана билим берүү иштерин уюштуруу жана аткаруу иштерине катышат.
- Илимий-педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенет: Мектепте башкаруу психологиясы жана менеджмент, Атайын психология жана педагогика, Салыштырма педагогика. Педагогика.
- Окуу программаларын жана окуу-методикалык комплекстерди (ОМК) иштеп чыгат.
- Окуу процессинде заманбап санариптик билим берүү технологияларын колдонот.
- Студенттер менен тарбиялык иштерди жүргүзөт.
- Илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга жана тренингдерге активдүү катышат.

## МЕНЕДЖЕР
# ЭШАТОВА КЫЗЖИБЕК БЕКТУРОВНА



- 2021- 2025 жж. – Бакалавриат СГИИ, Ж. Баласагын атындагы КУУ, 550 700 – Педагогика.
- Кафедранын уюштуруучулук жана окуу-усулдук ишмердүүлүгүнө катышат.
- Окуу материалдарын даярдоого жана билим берүү процессин коштоого көмөк көрсөтөт.
- Кесиптик жана илимий өнүгүүгө кызыгуу көрсөтөт.
- Заманбап билим берүү технологияларын өздөштүрүп, кесиптик көндүмдөрүн өркүндөтөт..

# Кафедранын акыркы 5 жыл ичинде илимий-изилдөө иштери:

- **Улуттук гранттар (КР ББжИМ):** Педагогикалык багыттар боюнча PhD докторлорун даярдоону илимий-методикалык колдоо. (2019-2021жж.)
- **Ички грант: (КУУ)** Мугалимдердин инновациялык жана долбоордук компетенттүүлүгүнүн илимий-педагогикалык негиздери жана аларды окуу процессинде калыптандыруунун жолдору. (2019ж.)
- **Улуттук гранттар (КР ББжИМ):** КРда инклюзивдик жогорку билим берүүнү ишке ашырууну камсыз кылуунун илимий-методикалык негиздери. (2023-2025жж.)
- **Ички грант: (КУУ)** Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүүгө келечектеги педагогдорду даярдоонун илимий-методикалык негиздери жана жолдору. (2026ж.)

# Кафедранын илимий байланыштары жана академиялык мобилдүүлүк

**ЖМП кафедрасы активдүү байланышты жүргүзөт:**

- Л.Н. Гумилев ат. Евразиялык улуттук университети (Астана, Казахстан), алар менен вебинарлар, конок лекциялар жана PhD докторанттар (Казахстан) үчүн стажировкалар өткөрүлөт.
- Абай атындагы Казак Улуттук Педагогикалык Университетинин педагогика кафедрасы (Казахстан).
- Алматы гуманитардык-экономикалык университети менен кызматташуу жана академиялык мобилдүүлүк боюнча келишимге кол коюлду (2023-жыл) (Казахстан).
- Кент мамлекеттик университетинин билим берүү факультети, Огайо (АКШ).





- Анкара университети (2010), Эскишехир университети (2014), Желал Баяр ат. Университети (2016). Маниса ш. (Түркия).
- К.Д. Ушинский ат. Ярославль мамлекеттик педагогикалык университети. Кызматташуунун алакасында бул университеттин 2 магистранттары (2020) биздин университетке бир семестрге окууга келишкен жана биздин кафедранын 2 магистранттын академиялык мобилдүүлүгү да жүргүзүлүүдө. (онлайн, 2023) (Орусия).
- Академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагында биздин студенттер Л.Н. Гумилёв атындагы Евразия улуттук университетинде бир семестр бою билим алышты (2026)

# Байланыш:

**720033**

Кыргыз Республикасы

Бишкек шаары,

Манас көчөсү, 101,

№ 5 Административдик корпусу,

2-кабат

221 аудитория.

+996 312 614 464

+996 707 648 466



# КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗ ҮЧҮН РАХМАТ!